ЖОГОРКУ КЕҢЕШ

# ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН СЕССИЯ МЕЗГИЛИНДЕГИ ИШИ ЖӨНҮНДӨ

# ОТЧЕТ

# 2020
# 2021



# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН СЕССИЯЛЫК МЕЗГИЛ ИЧИНДЕГИ ИШИ ЖӨНҮНДӨ
# **ОТЧЕТ**

(2020-ЖЫЛДЫН СЕНТЯБРЫ – 2021-ЖЫЛДЫН ИЮНУ)

## **VI ЧАКЫРЫЛЫШ**

8-СЕССИЯ

*ISBN*

*Бул отчет Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин сессиялык мезгил ичиндеги (2020-жылдын сентябры – 2021-жылдын июну) ишинин жыйынтык натыйжаларын, салыштыруучу талдоо маалыматтарын камтыйт жана мурдагы сессиялардын ичиндеги парламенттин ишинин жыйынтыктарынын отчетунун форматын улантат.*

# МАЗМУНУ


КИРИШ СӨЗ

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы Т. Мамытов........................................ 4

ИНФОГРАФИКА

Жогорку Кеңештин фракциялары ........................................ 6
Жогорку Кеңештин комитеттери ........................................ 7
Жогорку Кеңештин убактылуу депутаттык комиссиялары........................................ 8
Депутаттар жөнүндө маалымат........................................ 10
Жогорку Кеңештин жыйналыштары........................................ 12
Демилгелөө субъекттери боюнча мыйзам долбоорлорунун саны ........................................ 12
Жогорку Кеңештин токтомдору........................................ 13
Мыйзам долбоорлорунун кыймылы жөнүндө маалымат........................................ 14
Мыйзам долбоорлорунун экспертизасы........................................ 14
Кыргыз Республикасынын Президенти кол койгон мыйзамдар........................................ 15
Президент Жогорку Кеңешке кайра кайтарган мыйзамдар........................................ 15
Жарандардын Жогорку Кеңешке кайрылуулары........................................ 16
Жогорку Кеңештин Төрагасынын республиканын аймактары боюнча жумушчу жолугушуулары ........................................ 17
Жогорку Кеңештин Төрагасына жөнөтүлгөн каттар........................................ 17
Жогорку Кеңештин фракцияларынын жыйналыштары........................................ 18
Фракциялар өткөргөн иш-чаралар ........................................ 18
Жарандардын фракцияларга кайрылуулары ........................................ 19
Жарандарды кабыл алуу ........................................ 22
Фракциялар боюнча депутаттык суроо-талаптар........................................ 22
Парламенттик көпчүлүк жана парламенттик оппозиция........................................ 26
Жарандардын Жогорку Кеңештин комитеттерине кайрылуулары ........................................ 27
Комитеттер өткөргөн иш-чаралар........................................ 27
Жогорку Кеңеш кабыл алган мыйзамдар ........................................ 30
Комитеттер караган маселелер ........................................ 31
Кабыл алынган мыйзамдар жөнүндө кыскача маалымат........................................ 32
Кыргыз Республикасынын Конституциясы (кыскача серееп)........................................ 33
Парламенттик контроль жөнүндө кыскача маалымат........................................ 48
Жогорку Кеңештин парламенттер аралык кызматташтыгынын картасы........................................ 57
Жогорку Кеңештин депутаттарынын чет өлкөлүк жумушчу сапарлары ........................................ 57
Жогорку Кеңештин Төрагасынын чет өлкөлүк меймандар менен жолугушуулары........................................ 58
Жогорку Кеңештин парламенттер аралык уюмдар менен кызматташтыгы........................................ 58
Жогорку Кеңештин Төрагасынын жана анын орун басарларынын чет өлкөлүк сапарлары жана жолугушуулары........................................ 59
Парламенттик угуулар жөнүндө маалымат........................................ 60
Парламенттик контроль жөнүндө маалымат........................................ 61
Коомдук-консультациялык кеңештер, жумушчу топтор........................................ 64
ЖМК менен өз ара аракеттенүү........................................ 66
Жогорку Кеңешке экскурсиялар........................................ 68
Жогорку Кеңештин сайты ........................................ 68
Жогорку Кеңеш социалдык тармактарда........................................ 69
Парламенттин ишинин календары........................................ 69
Дүйнө парламенттери ........................................ 70



**Талант Мамытов**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы

*Парламент VI чакырылыштагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин акыркы сессиясын аяктайт. Бул мезгил саясий жана социалдык-экономикалык мүнөздөгү тагдырды чечүүчү бир катар окуялар менен коштолду. Элибиздин башкаруунун президенттик формасын тандоосу, Президентти мөөнөтүнөн мурда шайлоо жана өлкөнүн жаңы Конституциясын кабыл алуу маанилүү тарыхый окуялар болуп калды. Ушул окуялардын алдында октябрда, Шайлоо жана референдумдарды өткөрүү боюнча борбордук комиссия жараксыз деп тааныган парламенттик шайлоо өттү.*

*Белгилей кетүү керек, мындай жагдай коронавирустук инфекциянын уланып жаткан пандемиясынын жана республиканын чегарага жакын аймактарында кырдаалдын курчуусунун өңүтүндө түзүлдү. Бардык ушул жагдайлар экономиканын, бюджеттин абалына терс таасирин тийгизди жана элдин бакубаттуулугунун начарлоосуна, жумушсуздуктун өсүшүнө алып келди.*

*Ушундай кыйчалыш шарттарда парламент жарандардын тынч жашоосун, туруктуулукту жана калктын социалдык бакубаттуулугун камсыз кылуу боюнча милдеттерди чечүүгө багытталган бир катар зарыл жана заманбап чараларды көрдү.*



*Жогорку Кеңеш сессиялык мезгил ичинде 48 пленардык жыйналышты өткөрдү, 118 мыйзам жана 531 токтом кабыл алды.*

*Башкаруунун формасын тандоо жана Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясынын долбоору боюнча референдумдарды дайындоо жөнүндө, республикалык бюджетти бекитүү жөнүндө, инклюзивдик билим берүүнү киргизүү жөнүндө, экономикалык мунапыс жөнүндө, айыл жана суу чарбасын өнүктүрүү жөнүндө, жер казынасын натыйжалуу пайдалануу жөнүндө, Баткен областына өзгөчө статус берүү жөнүндө мыйзамдар жана башкалар булардын ичинде алда канча маанилүүлөрү болуп саналат.*

*Жогорку Кеңештин токтомдоруна ылайык бир катар убактылуу депутаттык комиссиялар, анын ичинде "Кумтөр" алтын кенин иштетүүнүн натыйжалуулугун жана "Вертекс Голд Компани" ЖЧК ишин, "Түндүк-Түштүк" альтернативдүү жолун курууну жана "Коопсуз шаар" долбоору боюнча тендерди өткөрүүнүн мыйзамдуулугун иликтөө боюнча комиссиялар түзүлдү.*

*Ошондой эле Жогорку Кеңеш жарандардын 13393 кайрылуусун карады, шайлоочулар менен 850дөн ашык жолугушуу өткөрдү, Башкы прокурордун, Улуттук банктын жана Эсептөө палатасынын ар жылдагы отчетторун укту.*


*Сөзүмдү жыйынтыктап жатып алдыдагы парламентке шайлоо жөнүндө эске сала кетүүнү маанилүү деп эсептейм. Бизде жаңы шайланган парламент мамлекетибиздин тарыхында жаңы баракты ачат жана саясий туруктуулукту жана конституциялык түзүлүштү андан ары бекемдөөгө көмөктөшөт деп үмүттөнүүгө бардык негиздер бар.*

*Урматтуу депутаттар, сиздерге, ошондой эле жарандык коомго, жалпыга маалымдоо каражаттарына жана парламенттин Аппаратына түйшүктүү, кажыбас эмгеги үчүн чын дилимден ыраазычылык билдирип жана кыргыз коомунун жыргалчылыгы үчүн иштеринде албан ийгиликтерди каалагым келет.*



## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ФРАКЦИЯЛАРЫ

### 120 ДЕПУТАТ



## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН КОМИТЕТТЕРИ

| | БААРЫ |
|---|---|
| Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитет | 18 |
| Эл аралык иштер, коргоо жана коопсуздук боюнча комитет | 17 |
| Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитет | 5 |
| Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитет | 7 |
| Отун-энергетикалык комплекси жана жер казынасын пайдалануу боюнча комитет | 14 |
| Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет | 14 |
| Экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет | 11 |
| Бюджет жана финансы боюнча комитет | 20 |
| Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитет | 10 |

Парламенттик көпчүлүк коалициясы башкарган комитеттер

Парламенттик оппозиция башкарган комитеттер

Комитеттин төрагасы

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН УБАКТЫЛУУ ДЕПУТАТТЫК КОМИССИЯЛАРЫ

**“Түндүк-Түштүк” альтернативдик жолунун курулушу менен байланышкан маселени иликтөө боюнча**

(КР ЖК 2021-жылдын 3-июнундагы № 4629-VI токтому)

2021-жылдын 3-июнунда ТҮЗҮЛГӨН — АЯКТОО МӨӨНӨТҮ 2021-жылдын 3-сентябры

- КСДП
- Республика-Ата Журт
- Кыргызстан
- Өнүгүү-Прогресс
- Бир Бол
- Ата Мекен

**"Коопсуз шаар" долбоорунун биринчи этабына тендер өткөрүүнүн мыйзамдуулугун, ошондой эле "Вега" радиокуруу концерни" акционердик коому тарабынан бул долбоордун ишке ашырылышынын сапатын жана шарттарын иликтөө боюнча**

(КР ЖК 2021-жылдын 27-майындагы № 4576-VI токтому)

2021-жылдын 27-майында ТҮЗҮЛГӨН — АЯКТОО МӨӨНӨТҮ 2021-жылдын 27-августунда

- КСДП
- Республика-Ата Журт
- Кыргызстан
- Өнүгүү-Прогресс
- Бир Бол
- Ата Мекен

**Жалал-Абад областынын Чаткал районундагы "Вертекс Голд Компани" ЖЧКын ишин, анын айлана-чөйрөгө тийгизген таасирин жана тоо-кен өнөр жайы жаатындагы мыйзамдардын талаптарынын сакталышын иликтөө боюнча**

(КР ЖК 2021-жылдын 24-февралындагы № 4421-VI токтому)

2021-жылдын 24-февралында ТҮЗҮЛГӨН — 2021-жылдын 19-майында ЖОГОРКУ КЕҢЕШ ТАРАБЫНАН УЗАРТЫЛГАН

- КСДП
- Республика-Ата Журт
- Кыргызстан
- Өнүгүү-Прогресс
- Бир Бол
- Ата Мекен

**"Кумтөр" алтын кенин иштетүүнүн натыйжалуулугун иликтөө, "Жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу, курчап турган чөйрөнү коргоо, өндүрүш процесстеринин коопсуздугу жана калкты социалдык коргоо боюнча нормаларды жана талаптарды "Кумтөр Оперейтинг Компани" ЖАКынын сактоосун текшерүү жана иликтөө боюнча мамлекеттик комиссиянын ишинин жыйынтыктары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2013-жылдын 21-февралындагы № 2805-V токтомунун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 3-июлундагы № 465 токтомунун аткарылышын контролдоо боюнча**

(КР ЖК 2021-жылдын 17-февралындагы № 4405-VI жана 2021-жылдын 24-февралындагы № 4422-VI токтому)

2021-жылдын 17-февралында ТҮЗҮЛГӨН — 2021-жылдын 17-майында ЖОГОРКУ КЕҢЕШ ТАРАБЫНАН УЗАРТЫЛГАН

- КСДП
- Республика-Ата Журт
- Кыргызстан
- Өнүгүү-Прогресс
- Бир Бол
- Ата Мекен

18 мамлекеттик органдардын өкүлдөрү жана кызмат адамдары

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН УБАКТЫЛУУ ДЕПУТАТТЫК КОМИССИЯЛАРЫ

### "Кесиптик бирликтер жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын аткарылышын иликтөө боюнча

(КР ЖК 2019-жылдын 23-октябрындагы № 3298-VI токтому)

2019-жылдын 23-октябрында ТҮЗҮЛГӨН

2021-жылдын 21-апрелинде ЖОГОРКУ КЕҢЕШ ТАРАБЫНАН УЗАРТЫЛГАН

- КСДП
- Республика-Ата Журт
- Кыргызстан
- Өнүгүү-Прогресс
- Бир Бол
- Ата Мекен

### "Датка-Кемин" 500 кВт электр өткөргүч линиясын жана "Кемин" 500 кВт көмөкчү чордонун куруу" жана "Кыргызстандын түштүгүндө электр өткөргүчтөр линияларын модернизациялоо" долбоорлорун ишке ашырууга багытталган кредиттик каражаттардын натыйжалуу жана максаттуу пайдаланылышын текшерүү боюнча

(КР ЖК 2018-жылдын 6-декабрындагы № 2753-VI токтому)

2018-жылдын 6-декабрында ТҮЗҮЛГӨН

2019-жылдын 26-июнунда ЖОГОРКУ КЕҢЕШ ТАРАБЫНАН УЗАРТЫЛГАН

- КСДП
- Республика-Ата Журт
- Кыргызстан
- Бир Бол
- Ата Мекен

### 2017-жылдын 16-январында кыйроого учураган учактын бортунда ташылган жүктөрдүн тиешелүүлүгүн аныктоо боюнча

(КР ЖК 2017-жылдын 19-январындагы № 1261-VI токтому)

2017-жылдын 19-январында ТҮЗҮЛГӨН

АЯКТАГАН 2017-жылдын 20-июнунда

Корутунду ЖК кароосуна киргизилген КАРАЛГАН ЭМЕС

- КСДП
- Республика-Ата Журт
- Кыргызстан
- Өнүгүү-Прогресс
- Бир Бол
- Ата Мекен

### Бишкек шаары, Скрябин көчөсү, 45-45 "А" дареги боюнча жайгашкан М.Бакиевге тиешелүү 1,28 гектар жалпы аянтындагы жер участогун, ошондой эле К.Бакиевдин айлана-чөйрөсүнө мурда тиешелүү болгон башка объектилерди сатуу фактыларына тийиштүү маселелерди иликтөө боюнча

(КР ЖК 2017-жылдын 18-январындагы № 1258-VI токтому)

2017-жылдын 18-январында ТҮЗҮЛГӨН


2019-жылдын 6-февралында ЖОГОРКУ КЕҢЕШ ТАРАБЫНАН УЗАРТЫЛГАН

- КСДП
- Республика-Ата Журт
- Кыргызстан
- Өнүгүү-Прогресс
- Бир Бол

## ДЕПУТАТТАР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР

# Билими

| | 2020-ж. | 2021-ж. |
|---|---|---|
| Окумуштуулук даражасы | 13 | 10 |
| Жогорку | 120 | 120 |



## ДЕПУТАТТАРДЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШКЕ ЧЕЙИНКИ ИШМЕРДИГИ



## ДЕПУТАТТАР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР


### ГЕНДЕРДИК ЖАНА КУРАКТЫК БЕЛГИ БОЮНЧА






ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН
СЕССИЯ МЕЗГИЛИНДЕГИ ИШИ ЖӨНҮНДӨ
**ОТЧЕТ** (2020-ЖЫЛДЫН СЕНТЯБРЫ - 2021-ЖЫЛДЫН ИЮНУ)


## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ЖЫЙНАЛЫШТАРЫ



ӨТКӨРҮЛГӨН ЖЫЙНАЛЫШТАРДЫН САНЫ




## ДЕМИЛГЕЛӨӨ СУБЪЕКТТЕРИ БОЮНЧА МЫЙЗАМ ДОЛБООРЛОРУНУН САНЫ




# **531 токтом** кабыл алынган

**361** мыйзам долбоорлорун кароо маселелери боюнча


**91** Жогорку Кеңештин ишин уюштурууга байланышкан маселелер боюнча

**49** өкүлчүлүк жана контролдук ыйгарым укуктарды аткарууга байланышкан маселе боюнча

**30** мамлекеттик, коомдук-саясий жана социалдык-экономикалык өнүктүрүү маселеси боюнча



## МЫЙЗАМ ДОЛБООРЛОРУНУН КЫЙМЫЛЫ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ




## МЫЙЗАМ ДОЛБООРЛОРУНУН ЭКСПЕРТИЗАСЫ

**188 мыйзам долбооруна экспертиза өткөрүлгөн**



## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИ КОЛ КОЙГОН МЫЙЗАМДАР




## ПРЕЗИДЕНТ ЖОГОРКУ КЕҢЕШКЕ КАЙРА КАЙТАРГАН МЫЙЗАМДАР





**2** Президенттин каршы пикирлерине макул болду


**4** макулдашуу тобу түзүлдү

**6** макулдашылган вариант кабыл алынды


**5** каралган жок

## ЖАРАНДАРДЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШКЕ КАЙРЫЛУУЛАРЫ




# ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫНЫН РЕСПУБЛИКАНЫН АЙМАКТАРЫ БОЮНЧА ЖУМУШЧУ ЖОЛУГУШУУЛАРЫ




# ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫНА ЖӨНӨТҮЛГӨН КАТТАР



ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН
СЕССИЯ МЕЗГИЛИНДЕГИ ИШИ ЖӨНҮНДӨ
**ОТЧЕТ** (2020-ЖЫЛДЫН СЕНТЯБРЫ - 2021-ЖЫЛДЫН ИЮНУ)

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ФРАКЦИЯЛАРЫНЫН ЖЫЙНАЛЫШТАРЫ

КСДП
0/15/0

Республика - Ата Журт
0/7/0

Кыргызстан
2/21/0

Өнүгүү-Прогресс
8/18/0



Бир Бол
12/16/0


Ата Мекен
3/28/0


КЕЗЕКТЕГИ /КЕЗЕКСИЗ /КӨЧМӨ

## ФРАКЦИЯЛАР ӨТКӨРГӨН ИШ-ЧАРАЛАР

| СДПК | Республика - Ата Журт | Кыргызстан | | Өнүгүү-Прогресс | Бир Бол | Ата Мекен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 142 | 100 | 237 | ШАЙЛООЧУЛАР МЕНЕН ЖОЛУГУШУУЛАР | 12 | 450 | 13 |
| 0 | 0 | 0 | ТЕГЕРЕК ҮСТӨЛДӨР | 14 | 14 | 46 |
| 0 | 0 | 0 | КОНФЕРЕНЦИЯЛАР | 4 | 25 | 41 |
| 0 | 0 | 0 | КООМДУК ТАЛКУУЛООЛОР | 6 | 3 | 20 |

## ЖАРАНДАРДЫН ФРАКЦИЯЛАРГА КАЙРЫЛУУЛАРЫ



## ЖАРАНДАРДЫН ФРАКЦИЯЛАРГА КАЙРЫЛУУЛАРЫ

| | СДПК | | РЕСПУБЛИКА - АТА ЖУРТ | | КЫРГЫЗСТАН | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2019 - 2020 | 2020 - 2021 | 2019 - 2020 | 2020 - 2021 | 2019 - 2020 | 2020 - 2021 |
| Бишкек шаары | 628 | 942 | 1335 | 948 | 1231 | 247 |
| Чүй облусу | 365 | 567 | 1125 | 375 | 391 | 138 |
| Ош облусу | 422 | 875 | 438 | 384 | 298 | 167 |
| Жалал-Абад облусу | 303 | 432 | 462 | 757 | 298 | 145 |
| Баткен облусу | 169 | 389 | 299 | 256 | 177 | 70 |
| Нарын облусу | 183 | 308 | 498 | 276 | 246 | 76 |
| Ысык-Көл облусу | 212 | 452 | 405 | 139 | 148 | 58 |
| Талас облусу | 188 | 293 | 440 | 289 | 277 | 35 |
| БАШКАЛАР | 92 | 55 | 11 | 0 | 40 | 0 |

# ЖАРАНДАРДЫН ФРАКЦИЯЛАРГА КАЙРЫЛУУЛАРЫ

| Өнүгүү-Прогресс | | Бир Бол | | Ата Мекен | |
|---|---|---|---|---|---|
| 2019 - 2020 | 2020 - 2021 | 2019 - 2020 | 2020 - 2021 | 2019 - 2020 | 2020 - 2021 |
| 378 | ▲ 391 | 341 | ▼ 220 | 499 | ▼ 196 |
| 149 | ▼ 36 | 155 | ▼ 125 | 384 | ▼ 181 |
| 136 | ▼ 5 | 125 | ▲ 158 | 322 | ▼ 121 |
| 123 | ▼ 35 | 205 | ▼ 100 | 342 | ▼ 64 |
| 16 | ▼ 5 | 32 | ▲ 85 | 86 | ▼ 68 |
| 12 | ▼ 7 | 225 | ▼ 90 | 53 | ▲ 115 |
| 46 | ▼ 9 | 162 | ▼ 65 | 85 | ▼ 36 |
| 19 | ▼ 7 | 38 | ▲ 47 | 69 | ▼ 19 |
| 17 | ▼ 0 | 6 | ▼ 5 | 3 | ▼ 2 |

## ЖАРАНДАРДЫ КАБЫЛ АЛУУ

- фракция лидери
- депутаттар
- коомдук кабыл алуу




СДПК
745
4617
115


РЕСПУБЛИКА - АТА ЖУРТ
98
428
300

КЫРГЫЗСТАН
207
4470
0


## ФРАКЦИЯЛАР БОЮНЧА ДЕПУТАТТЫК СУРОО-ТАЛАПТАР



## ЖАРАНДАРДЫ КАБЫЛ АЛУУ




## ФРАКЦИЯЛАР БОЮНЧА ДЕПУТАТТЫК СУРОО-ТАЛАПТАР




## ФРАКЦИЯЛАР БОЮНЧА ДЕПУТАТТЫК СУРОО-ТАЛАПТАР

| | СДПК 2020 - 2021 | | РЕСПУБЛИКА - АТА ЖУРТ 2020 - 2021 | | КЫРГЫЗСТАН 2020 - 2021 | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Мыйзамдуулук жана укук тартиби | 16 | 25 (2019-2020) ▼ | 11 | ▲ 8 (2019-2020) | 4 | 6 (2019-2020) ▼ |
| Экономика | 8 | 18 (2019-2020) ▼ | 8 | 17 (2019-2020) ▼ | 1 | 8 (2019-2020) ▼ |
| Айыл чарбасы | 4 | 8 (2019-2020) ▼ | 8 | ▲ 7 (2019-2020) | 4 | ▲ 2 (2019-2020) |
| Билим берүү, илим, маданият, спорт | 14 | 22 (2019-2020) ▼ | 18 | 24 (2019-2020) ▼ | 4 | 9 (2019-2020) ▼ |
| Саламаттык сактоо | 10 | 13 (2019-2020) ▼ | 5 | 8 (2019-2020) ▼ | 3 | 6 (2019-2020) ▼ |
| Жергиликтүү өз алдынча башкаруу | 3 | 7 (2019-2020) ▼ | 6 | ▲ 5 (2019-2020) | 5 | ▲ 1 (2019-2020) |
| Калкты социалдык коргоо | 4 | 7 (2019-2020) ▼ | 2 | 4 (2019-2020) ▼ | 0 | 0 (2019-2020) |
| Башка маселелер | 20 | 48 (2019-2020) ▼ | 22 | 50 (2019-2020) ▼ | 5 | 25 (2019-2020) ▼ |
| БААРЫ | 79 | 148 (2019-2020) ▼ | 80 | 123 (2019-2020) ▼ | 26 | 57 (2019-2020) ▼ |

## ФРАКЦИЯЛАР БОЮНЧА ДЕПУТАТТЫК СУРОО-ТАЛАПТАР


| Өнүгүү-Прогресс 2020 - 2021 | | БИР БОЛ 2020 - 2021 | | АТА МЕКЕН 2020 - 2021 | | 2020 - 2021 | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 3 | 3 (2019-2020) | 4 | 4 (2019-2020) | 5 | 6 (2019-2020) ▼ | 43 | 52 (2019-2020) ▼ |
| 4 | 8 (2019-2020) ▼ | 3 | 5 (2019-2020) ▼ | 2 | 5 (2019-2020) ▼ | 26 | 61 (2019-2020) ▼ |
| 2 | ▲ 1 (2019-2020) | 3 | ▲ 1 (2019-2020) | 2 | ▲ 0 (2019-2020) | 23 | ▲ 19 (2019-2020) |
| 5 | 6 (2019-2020) ▼ | 6 | 11 (2019-2020) ▼ | 2 | 5 (2019-2020) ▼ | 49 | 77 (2019-2020) ▼ |
| 3 | 6 (2019-2020) ▼ | 3 | ▲ 1 (2019-2020) | 0 | 2 (2019-2020) ▼ | 24 | 36 (2019-2020) ▼ |
| 3 | 3 (2019-2020) | 1 | 2 (2019-2020) ▼ | 2 | 5 (2019-2020) ▼ | 20 | 23 (2019-2020) ▼ |
| 0 | 5 (2019-2020) ▼ | 0 | 3 (2019-2020) ▼ | 1 | 3 (2019-2020) ▼ | 7 | 22 (2019-2020) ▼ |
| 10 | 21 (2019-2020) ▼ | 15 | 21 (2019-2020) ▼ | 3 | 9 (2019-2020) ▼ | 75 | 174 (2019-2020) ▼ |
| 30 | 53 (2019-2020) ▼ | 35 | 48 (2019-2020) ▼ | 17 | 35 (2019-2020) ▼ | 267 | 464 (2019-2020) ▼ |

## ПАРЛАМЕНТТИК КӨПЧҮЛҮК ЖАНА ПАРЛАМЕНТТИК ОППОЗИЦИЯ





*Парламенттик көпчүлүк – депутаттык мандаттын жарымынан көбүнө ээ болгон фракция же фракциялардын коалициясы*
*Парламенттик азчылык – парламенттик көпчүлүктүн коалициясына кирбеген фракция же фракциялар*

## ЖАРАНДАРДЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН КОМИТЕТТЕРИНЕ КАЙРЫЛУУЛАРЫ




## КОМИТЕТТЕР ӨТКӨРГӨН ИШ-ЧАРАЛАР



## ЖАРАНДАРДЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН КОМИТЕТТЕРИНЕ КАЙРЫЛУУЛАРЫ

| Комитет | Бишкек шаары 2019 - 2020 | Бишкек шаары 2020 - 2021 | Чүй облусу 2019 - 2020 | Чүй облусу 2020 - 2021 | Ош облусу 2019 - 2020 | Ош облусу 2020 - 2021 | Жалал-Абад облусу 2019 - 2020 | Жалал-Абад облусу 2020 - 2021 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитет | 343 | 153 | 145 | 49 | 38 | 43 | 25 | 25 |
| Эл аралык иштер, коргоо жана коопсуздук боюнча комитет | 12 | 20 | 31 | 11 | 5 | 8 | 7 | 4 |
| Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитет | 282 | 75 | 110 | 48 | 120 | 37 | 268 | 29 |
| Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитет | 142 | 81 | 58 | 28 | 67 | 17 | 42 | 18 |
| Отун-энергетикалык комплекси жана жер казынасын пайдалануу боюнча комитет | 26 | 6 | 38 | 2 | 10 | 4 | 6 | 7 |
| Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет | 36 | 40 | 14 | 12 | 4 | 10 | 4 | 8 |
| Экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет | 60 | 85 | 32 | 14 | 9 | 3 | 21 | 5 |
| Бюджет жана финансы боюнча комитет | 38 | 18 | 22 | 16 | 42 | 35 | 18 | 28 |
| Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитет | 341 | 109 | 148 | 32 | 83 | 50 | 21 | 22 |

● Парламенттик көпчүлүк коалициясы башкарган комитеттер
● Парламенттик оппозиция башкарган комитеттер

## ЖАРАНДАРДЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН КОМИТЕТТЕРИНЕ КАЙРЫЛУУЛАРЫ

| Баткен облусу | | Нарын облусу | | Ысык-Көл облусу | | Талас облусу | | Башка өлкөлөр | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2019 - 2020 | 2020 - 2021 | 2019 - 2020 | 2020 - 2021 | 2019 - 2020 | 2020 - 2021 | 2019 - 2020 | 2020 - 2021 | 2019 - 2020 | 2020 - 2021 |
| 9 | 15 | 32 | 10 | 33 | 13 | 29 | 6 | 2 | 3 |
| 5 | 4 | 3 | 1 | 4 | 2 | 3 | 1 | 1 | 0 |
| 96 | 9 | 125 | 12 | 129 | 10 | 102 | 10 | 0 | 0 |
| 29 | 14 | 26 | 11 | 39 | 10 | 51 | 17 | 0 | 1 |
| 6 | 2 | 10 | 2 | 17 | 0 | 6 | 3 | 0 | 0 |
| 0 | 2 | 3 | 4 | 16 | 3 | 6 | 3 | 0 | 0 |
| 16 | 1 | 8 | 0 | 3 | 0 | 6 | 0 | 19 | 0 |
| 14 | 8 | 8 | 14 | 10 | 26 | 14 | 18 | 0 | 0 |
| 27 | 7 | 28 | 5 | 59 | 15 | 27 | 7 | 9 | 1 |

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШ КАБЫЛ АЛГАН МЫЙЗАМДАР

| КОМИТЕТТЕР | КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМДАР | МЫЙЗАМДАР | МЫЙЗАМДАРГА КИРГИЗИЛГЕН ӨЗГӨРТҮҮЛӨР | РАТИФИКАЦИЯ ЖӨНҮНДӨ МЫЙЗАМДАР |
|---|---|---|---|---|
| Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитет | 3 | 4 | 2 | 0 |
| Эл аралык иштер, коргоо жана коопсуздук боюнча комитет | 0 | 0 | 7 | 36 |
| Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитет | 0 | 1 | 6 | 0 |
| Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитет | 0 | 1 | 6 | 0 |
| Отун-энергетикалык комплекси жана жер казынасын пайдалануу боюнча комитет | 0 | 0 | 3 | 0 |
| Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет | 0 | 0 | 2 | 0 |
| Экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет | 0 | 4 | 24 | 0 |
| Бюджет жана финансы боюнча комитет | 0 | 6 | 3 | 0 |
| Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитет | 0 | 1 | 9 | 0 |
| **БААРЫ** | 3 | 17 | 62 | 36 |

## КОМИТЕТТЕР КАРАГАН МАСЕЛЕЛЕР

| | МЫЙЗАМ ДОЛБООРЛОРУ | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 1-окуу | 2-окуу | 3-окуу | БАШКА МАСЕЛЕЛЕР |
| | 22 | 5 | 8 | 12 |
| | 2 | 2 | 1 | 0 |
| | 28 | 23 | 23 | 4 |
| | 30 | 18 | 35 | 0 |
| | 8 | 3 | 3 | 9 |
| | 9 | 2 | 2 | 16 |
| | 10 | 56 | 1 | 18 |
| | 50 | 9 | 9 | 16 |
| | 28 | 9 | 9 | 10 |

● Парламенттик көпчүлүк коалициясы башкарган комитеттер

● Парламенттик оппозиция башкарган комитеттер


## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

2021-жылдын 11-апрелинде Кыргызстанда Конституциялык кеңешме иштеп чыккан жаңы Конституция кабыл алынды. Конституциялык кеңешменин курамына саясий жана коомдук ишмерлер, Жогорку Кеңештин депутаттары, мамлекеттик органдардын, илимий чөйрөнүн, жарандык коомдун, өкмөттүк эмес уюмдардын, бизнес коомдоштуктун өкүлдөрү, эксперттер жана башкалар кирди.

Конституциянын долбоорун иштеп чыгуу процесси кеңири коомчулукту тартуу менен жеткиликтүү, ачык жана маалымдуу болду. Мында ар бир кыргызстандыкка өз көз карашын билдирүү мүмкүнчүлүгү берилди.

Жаңы Конституцияны иштеп чыгуу зарылчылыгы 2021-жылдын 10-январындагы **референдумдун**[1] жыйынтыктарынан келип чыкты, мында Кыргызстандын калкы башкаруунун Президенттик формасынын пайдасына тандоо жасады.

**Референдумда**[2] кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясына Кыргыз Республикасынын Президенти 2021-жылдын 5-майында кол койду.




[1] *Жогорку Кеңеш 2020-жылдын 10-декабрында кабыл алган, Президенттин м.а. 2020-жылдын 11-декабрында кол койгон*

[2] *Жогорку Кеңеш 2021-жылдын 11-мартында кабыл алган, Президент 2021-жылдын 12-мартында кол койгон*

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ


Жогорку Кеңеш **“Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын**[1] кабыл алды. Мамлекеттик инвестициялардын гранттарын эске алуу менен 2021-жылы республикалык бюджеттин жалпы кирешелери 172 891,6 млн. сом суммасында каралды. 2021-жылга республикалык бюджеттин чыгымдарынын жалпы көлөмү 181 354,8 млн. сом деңгээлинде белгиленди.

***2020-2021-жылдарга республикалык бюджеттин негизги параметрлери (млн. сом)***

| *(млн. сом)* | Кирешелер | Чыгашалар | Тартыштык |
|---|---|---|---|
| 2020-ж. тактал. | 139 376,9 | 169 141,0 | 29 764,0 |
| **2021-ж. бекитил.** | **172 891,6** | **181 354,8** | **8 463,2** |

2021-жылы мамлекеттик чыгымдар саясаты жалпысынан алганда социалдык багытта.

***Социалдык коргоого, билим берүүгө жана саламаттыкты сактоого чыгымдар (млн. сом)***




**Социалдык жактан маанилүү иш-чараларды каржылоого чыгымдар төмөнкүдөй түзүлдү:**

социалдык чөйрөнү өнүктүрүүгө:

- социалдык төлөмдөрдү жогорулатуу (укук коргоо органдарынын, салык кызматынын кызматкерлерине, медициналык кызматкерлерге, мамлекеттик органдардын жана соттук-укуктук реформаны улантуунун алкагында пробация органдарынын техникалык жана тейлөөчү кызматчыларына) – 3 134,3 млн. сом;
- жаратылыш кырсыктарынын кесепеттерин жоюу боюнча иш-чаралар (турак жай сертификаттары) – 150 млн. сом;
- “Мамлекеттик ипотекалык компания” ААК бюджеттик кредити – 500,0 млн. сом;
- финансы-кредиттик мекемелердин зайымчыларынын пайыздарын тындыруу – 1 253,2 млн. сом;

[1] *Жогорку Кеңеш 2020-жылдын 10-декабрында кабыл алган, Президенттин м.а. 2020-жылдын 31-декабрында кол койгон*

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

**аймактарды, санариптештирүүнү жана инфратүзүмдү өнүктүрүүгө:**

-“Санариптик экономика” – 500,0 млн. сом;
- “Коопсуз шаар” – 600,0 млн. сом;
- айыл чарбасын каржылоо (АЧФ боюнча пайыздык ставкаларды субсидиялоо – 7,8,9) – 1 112,0 млн. сом;
- чек арага жакын аймактарды өнүктүрүү – 100,0 млн. сом;

**башка чөйрөлөр:**

- мамлекеттик бюджеттик резерв – 1 890,3 млн. сом;
- Кыргыз Республикасынын калкын каттоо – 311,0 млн. сом;
- шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүү – 858,4 млн. сом;

Капиталдык салымдарга чыгымдар 3,0 млрд. сом суммасында каралууда, алар курулушту аяктоого, жаратылыш кырсыктарынан жабыркаган билим берүү объекттерин, авариялык объекттерди жана жогорку куруу даярдыгындагы объекттерди реконструкциялоого багытталат.

Капиталдык салымдардын негизги багыттары

**3 000 000 000 сом**

Объектилерди куруу жана реконструкциялоо
**1440,0 млн. сом**

Жолдорду куруу
**800,0 млн. сом**

Суу менен жабдуу
**420,0 млн. сом**

Капиталдык оңдоп-түзөө
**90,0 млн. сом**

Ирригация
**250,0 млн. сом**

Мамлекеттик инвестициялардын программасына ылайык 2021-жылга тышкы жана ички булактардын эсебинен 38 683,3 млн. сом каралган. **Мамлекеттик инвестициялардын программасынын негизги артыкчылыктары болуп төмөнкүлөр саналат:**

**билим берүүнү өнүктүрүү– 479,6 млн. сом**

- билим берүү тутумун чыңдоо;
- инклюзивдүү өсүш үчүн жөндөмдөрдү өнүктүрүү;
- “Келечек үчүн билим берүү” долбоору;

**саламаттыкты сактоону өнүктүрүү – 4 115, 1 млн. сом**

- COVID-19 каршы күрөшүү боюнча иш-чаралар;
- шашылыш медицина тутумун түзүү;
- энени жана баланы коргоо;
- кургак учукка каршы күрөшүү;
- ВИЧ/СПИД алдын алуу программасы;
- Бишкек шаарындагы шашылыш медициналык жардамдын шаардык балдар клиникалык ооруканасы жана Улуттук госпиталдын нейрохирургиялык борбору үчүн жаңы корпусту куруу жана жабдуу;

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

**айыл чарбасын өнүктүрүү - 708,6 млн. сом**

- мал чарбачылыгын жана рынокту өнүктүрүү;
- сүт секторунун өндүрүмдүүлүгүн өнүктүрүү;
- рынокко жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу;

**суу менен жабдууну өнүктүрүү - 6 587,1 млн. сом**

- Бишкек, Ош, Талас, Нарын, Балыкчы, Өзгөн, Майлуу-Суу, Токтогул, Кызыл-Кыя, Чолпон-Ата, Кара-Суу, Токмок, Кант, Каракол, Жалал-Абад, Баткен, Исфана, Кербен шаарларында, ошондой эле Мырза-Аке, Дөң-Булак жана Куршаб айылдарында суу менен жабдуу жана каналдаштыруу тутумдарын жандандыруу.

Долбоорлорду ишке ашыруу:
- "Айыл чарба өндүрүмдүүлүгүн жана тамак-ашты жакшыртуу";
- "Улуттук суу ресурстарын башкаруу";
- "Айылды суу менен жабдуу жана санитария";
- "Ысык-Көл жана Нарын областтарында сугат дыйканчылыгын өнүктүрүү";
- "Ысык-Көлдүн саркынды сууларын башкаруу";
- "Сарымсак" ирригациялык тармагын өнүктүрүү";
- "Климаттын өзгөрүшүнө жана жаратылыш кырсыктарына карата суу ресурстарынын туруктуулугун жогорулатуу";

**транспорттук инфратүзүмдү өнүктүрүү – 8 044, 8 млн. сом**

Төмөнкүдөй автомобиль жолдорун куруу, жандандыруу, реконструкциялоо:
- Ош-Баткен-Исфана;
- Түндүк-Түштүк;
- Бишкек-Нарын-Торугарт;
- Бишкек-Кара-Балта.

Төмөнкү долбоорлорду ишке ашыруу:
- "ЦАРЭС 3 коридорун жакшыртуу";
- "ЦАРЭС 1 жана ЦАРЭС 3 транспорт коридорлорунун ортосундагы бириктирүүчү жолдор;
- "Негизги эл аралык жолдорду жакшыртуу";
- "Борбордук Азияда каттам жолдорун жакшыртуу";
- "Бишкек-Ош автомобиль жолун көчкүдөн коргоо";

**энергетикалык инфратүзүмдү өнүктүрүү – 10 719, 3 млн. сом**

Төмөнкүлөрдү жандандыруу, реконструкциялоо, модернизациялоо:
- Ат-Башы ГЭС;
- Токтогул ГЭС;
- Үч-Коргон ГЭС;
- "Чыгыш электр";
- "Ош электр";
- "Камбар-Ата" ГЭС-2 экинчи гидроагрегатын эксплуатациялоого киргизүү.

Төмөнкү долбоорлорду ишке ашыруу:
- "CASA-1000";
- "Жылуулук менен жабдууну жакшыртуу";
- "Лейлек районунун Арка массивин электр менен жабдууну жакшыртуу";

**санариптештирүү - 850, 0 млн. сом**

- "Digital CASA" долбоорун ишке ашыруу.

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Көпчүлүк мамлекеттерде экономикалык мунапысты жүргүзүү кеңири жайылган чара болуп саналат, ал көмүскө экономиканын көлөмүн кыскартуу жана ишкер жигердүүлүктү жогорулатуу максатында жүргүзүлөт. Ийгиликтүү экономикалык мунапыстар ар кандай өнүгүү даражасындагы өлкөлөрдө жүргүзүлгөн. Алар финансылык ресурстарды мыйзамдаштырууга жана мыйзамсыз капиталды экономикалык жүгүртүүгө тартуу үчүн шарттарды түзүүгө багытталган. Мында бул процесске катышып жаткан жактарды жоопкерчиликтен бошотуу мунапысты жүргүзүүнүн маанилүү критерийлеринин бири болуп саналган.

Жогоруда баяндалгандарды эске алып, капиталды мыйзамдуу экономикалык жүгүртүүгө тартуу жана гуманизмди көрсөтүү максатында, Жогорку Кеңеш **"Жеке адамдардын мүлкүн жана кирешелерин ыктыярдуу декларациялоосу жөнүндө"[1] жана "Экономикалык мунапыстын маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө"[2] Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын** кабыл алган.

Мыйзамдарда мунапысты ишке ашыруунун ачык жана түшүнүктүү механизмдери, 2021-жылдын 1-январынан 31-декабрына чейин ыктыярдуу декларациялоо процессине катышып жаткан адамдардын кол тийбестигинин кепилдиктери каралган. Мында наркы 70 млн. сомдон ашпаган капиталды декларациялаган адамдар милдеттенмелерден бошотулат. Жогоруда көрсөтүлгөн чектен ашкан учурда менчик ээсине узак мөөнөттүү мамлекеттик баалуу кагаздарды сатып алуу же болбосо акча каражаттарын төлөп берүү аркылуу милдеттенмелерди аткаруунун ыкмаларын тандоо сунуш кылынат.






**МҮЛКТҮ ДЕКЛАРАЦИЯЛОО**

эгерде 70 млн. сомдон көп болсо

мүлктүн 1%ын республикалык бюджетке киргизүү

ЖЕ

мүлкүнүн 10% суммасына мамлекеттик баалуу кагаздарды 7 жылга 5% менен сатып алуу

**КЕПИЛДИКТЕР:**

- жазык жоопкерчилигинен бошотуу;
- камакка алынбайт;
- маалымат ачыкталбайт;
- камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча милдеттенмелер аткарылды деп эсептелет.



[1] *Жогорку Кеңеш 2020-жылдын 5-ноябрында кабыл алган, Президенттин м.а. 2020-жылдын 4-декабрында кол койгон*
[2] *Жогорку Кеңеш 2020-жылдын 23-декабрында кабыл алган, Президенттин м.а. 2020-жылдын 31-декабрында кол койгон*


## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Билим адамдын өнүгүшүнүн пайдубалы болуп саналат. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар (ДМЧА) үчүн – бул коомдун толук укуктуу мүчөсү болуп калууга, коомдук турмуштун процесстерине тартылууга мүмкүнчүлүк. Бирок Кыргыз Республикасындагы учурдагы билим берүү тутуму коомдо ДМЧА социалдаштырууга көмөктөшпөйт.

ДМЧА балдар бакчасында "өз кишилеринин" арасында билимди жеңил жана кыйналбастан алат, ал эми ЖОЖ тапшырган учурда алар "ден соолугу жакшы" адамдардын коомунда адаптация көйгөйлөрүнө кабылат деп эсептелет. Адистешкен билим берүү мекемелеринде окуу кийин ишке орношууга таасир этет, анткени аларга социалдык интеграция үчүн кошумча жөндөмдөр зарыл.

Азыркы учурда тармактык адистердин жана окуу материалдарынын жетишсиздиги, билим берүүнүн заманбап атайын методикаларынын жоктугу ошондой эле эскирген инфратүзүм алган билимдин сапатына таасир этүүдө.

Жогоруда көрсөтүлгөн көйгөйлөрдү чечүү максатында Жогорку Кеңеш **"Билим берүү жөнүндө" жана "Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө"[1] Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына** түзөтүүлөрдү киргизген, алар ДМЧА жалпы билим берүүчү уюмдарда окутуу аркылуу инклюзивдүү билим берүүнү киргизүүнү карайт. Инклюзивдүү билим берүү ДМЧА карата мамилени түп тамырынан өзгөртөт жана аларга өзүн коомдун толук укуктуу мүчөсү катары сезүүгө мүмкүнчүлүк берет.





жатак-мектептер




Окуучулардын саны

2489 (2020-ж.)
2536 (2019-ж.)
2414 (2018-ж.)

үйдө окутуу



Окуучулардын саны

767 (2020-ж.)
590 (2019-ж.)
546 (2018-ж.)



инклюзивдик билим берүүнү ишке киргизүү

[1] *Жогорку Кеңеш 2021-жылдын 10-февралында кабыл алган, Президент 2021-жылдын 23-мартында кол койгон*

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Жер, анын казынасы жана башка жаратылыш ресурстары Кыргыз Республикасынын өзгөчө менчиги болуп саналат, Кыргызстан калкынын жашоосунун жана ишинин негизи катары бирдиктүү экологиялык тутумду сактоо максатында колдонулат жана мамлекеттин өзгөчө коргоосунда турат.

Буга байланыштуу жер казынасын сарамжалдуу пайдалануу жана кайтаруу жер казынасын пайдалануунун өзөктүү өңүттөрүнөн болуп саналат. Аларды өздөштүрүүдө адамдын ишинин ыктымалдуу зыяндуу кесепеттерин четтетүү, ресурстарды үнөмдүү пайдалануу жана материалдык байлыктарды натыйжалуу алуу маселелери артыкчылыктуу болуп калууга тийиш.

Жогоруда баяндалгандарды эске алып, Жогорку Кеңеш мамлекеттин кызыкчылыктарын коргоо максатында **“Жер казынасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу”**[1] **Кыргыз Республикасынын Мыйзамын** кабыл алды, ал мамлекеттик үлүшү 100 пайыз болгон чарба жүргүзүүчү субъекттер үчүн жалпы мамлекеттик маанидеги кен чыккан жерлерди пайдалануунун артыкчылыктуу укугун карайт.

Мыйзам жер казынасын пайдалануучулардын жана жергиликтүү калктын ортосундагы жаңжалдарды төмөндөтүүгө жана ишеничти орнотууга, аймактарды өнүктүрүүгө жана жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө мамлекеттик башкаруу тутумун оптималдаштырууга көмөктөшөт.




Кыргыз Республикасы ар түрдүү пайдалуу кендерге бай, аларды иштеп чыгуу өлкөнүн экономикасына кыйла салым кошот. Пайдалуу кендердин кыйла бөлүгү топлуу жерлерде жана аларды иштетүү жагынан иш жүргүзгөн ишканалар коркунучтуу өндүрүштүк объекттерге кирет.

Бул тармакта курчап турган чөйрө үчүн алда канча зор коркунучту техногендик түзүлмөлөр* – кен казып алуучу, байытуучу жана металлургиялык өндүрүштөрдүн калдыктары кирет.


Буга байланыштуу Жогорку Кеңеш **“Жер казынасы жөнүндө”**[2] **Кыргыз Республикасынын Мыйзамына** түзөтүүлөрдү киргизди, ал кен чыккан жерлерди иштетүү аяктагандан кийин техногендик түзүлмөлөрдү мамлекеттин менчигине өткөрүп берүү аркылуу жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндөгү мамлекеттик контролдоо тутумун жакшыртууга багытталган.

Мыйзамда каралган механизмдер Кыргызстандын аймагына гана эмес, ошондой эле коңшу мамлекеттерге терс таасирин тийгизиши мүмкүн болгон экологиялык апааттардын келип чыгышынын тобокелдигин азайтат.

**Техногендик түзүлмөлөр топтолгон минералдык түзүлмөлөрдү, пайдалуу компоненттерди камтыган кен массаларын билдирет.*

*[1] Жогорку Кеңеш 2021-жылдын 19-майында кабыл алган*
*[2] Жогорку Кеңеш 2021-жылдын 19-майында кабыл алган*

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ




## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Көз карандысыздыкка ээ болгон учурдан бери Кыргыз Республикасында экономикага, анын ичинде чет өлкөлүк инвесторлор үчүн жагымдуу чөйрөлөрдүн бири болуп саналган кен казып алуу тармагына инвестицияларды тартуу үчүн жагымдуу шарттар түзүлүүдө. Ошону менен бирге өзүнүн технологиялык өзгөчөлүктөрүнөн улам кен казып алуучу ишканалар өзгөчө коркунучту билдирген өндүрүштүк объекттерге кирет. Азыркы учурда бул тармакта бир катар компаниялар иш жүргүзүп жатат, алардын арасында экологияга жана калктын жашоосуна олуттуу коркунуч түзүүчү жер казынасын пайдалануучулар болушу мүмкүн.

Буга байланыштуу Жогорку Кеңеш **"Акционердик коомдор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Жазык кодексине**[1] түзөтүүлөрдү киргизди, алар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине тышкы башкарууну киргизүү аркылуу компаниялардын жоопкерчиликсиз ишинин натыйжасында келип чыккан экологияга, адамдардын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунучту жоюу боюнча ыкчам чараларды көрүү укугун берет.

Мыйзамдын колдонулушу концессиялык келишимдин негизинде өзүнүн жер казынасын пайдалануу укугун ишке ашыруучу акционердик коомдорго жайылтылат.





[1] *Жогорку Кеңеш 2021-жылдын 6-майында кабыл алган, Президент 2021-жылдын 12-майында кол койгон*

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Азыркы учурда дүйнөдө энергияны керектөө темптеринин өсүшү күндүн, шамалдын, чакан агын суулардын жана биомассанын энергиясы сыяктуу энергиянын кайра жаралуучу булактарын (ЭЖБ) өнүктүрүүгө түрткү берди.

Кыргыз Республикасы ЭЖБ жогорку мүмкүнчүлүктөрүнө ээ, ал жылына болжол менен 9,8 млрд. кВт/саат деп бааланууда. Бирок азыркы учурда аларды практикалык пайдалануу болор-болбос жана өлкөнүн энергия теңдеминде 1% жакынды түзөт. Бул ар кыл факторлорго, анын ичинде бул тармактагы билимдердин жана технологиялардын жетишсиз деңгээлине байланышкан.

Буга байланыштуу ЭЖБ жагынан алдыңкы технологияларды киргизүү жана инвестицияларды тартуу боюна башка өлкөлөр менен тажрыйба алмашуу максатында Жогорку Кеңеш **“2009-жылдын 26-январында Бонн шаарында Энергиянын кайра жаралуучу булактары боюнча эл аралык агенттиктин Уюштуруучу конференциясында кабыл алынган Энергиянын кайра жаралуучу булактары боюнча эл аралык агенттиктин (IRENA) уставын ратификациялоо тууралуу”[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамын** кабыл алды, бул агенттик өкмөттөр аралык уюм болуп саналат. Ал энергиянын жаңы түрлөрүнө өтүүдө ар түрдүү өлкөлөргө жардам берет жана эл аралык кызматташтык үчүн платформа, ЭЖБ боюнча технологиялык, саясий, финансылык жана ресурстук билимдердин борбору болуп кызмат кылат.





[1] *Жогорку Кеңеш 2020-жылдын 16-декабрында кабыл алган, Президенттин м.а. 2021-жылдын 21-январында кол койгон*

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Борбордук Азия аймагындагы республикалар көз карандысыздыкка ээ болгон учурдан тартып коңшу мамлекеттер менен чектешкен аймактарда калктын эриш-аркак жашоосунун маселелери чечилбеген бойдон калды. Буга калктын жашоо деңгээлинин төмөндүгү, мамлекеттик чек аранын айрым участокторун делимитациялоо жана демаркациялоо процесстеринин аяктабагандыгы түрткү болду, алар суу жана жер ресурстарын, транспорттук инфратүзүмдү пайдалануу менен байланышкан чек арага жакын жердеги жаңжалдарга алып келүүдө.

Жогоруда көрсөтүлгөн жагдайларды эске алып, Жогорку Кеңеш **“Кыргыз Республикасынын Баткен областынын статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын**[1] долбоорун биринчи окууда кабыл алды. Бул мыйзам долбоору жергиликтүү калктын жашоосунун сапатын жакшыртууга, социалдык экономикалык өнүктүрүүнү жогорулатуу үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө жана улуттук коопсуздукка коркунуч түзгөн жагымсыз факторлорду четтетүүгө багытталган.

Мыйзамда Баткен областынын Координациялык Кеңешин түзүү каралган, ал өнүктүрүү программасынын, жеңилдетилген каржылоо механизмдеринин мониторингин, аларды баалоону жана контролдоону жүзөгө ашырууга, өзгөчө салыктык, инвестициялык режимдерди жана областтын бюджетин түзүүнүн тартибин киргизүүгө чакырылган.




[1] *Жогорку Кеңеш 2021-жылдын 27-майында биринчи окууда кабыл алган*

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Жаратылыш жана суу ресурстарына бай Кыргыз Республикасы өлкөнүн аймактарында аквакультураны өнүктүрүү үчүн жетиштүү даражада чоң дараметке ээ.

Азыркы убакта бир катар себептерден улам бул багыт талаптагыдай өнүкпөй жатат. Биздин өлкөдө аквакультуранын өнүгүшүнө кедерги болуучу негизги факторлор катары инфратүзүмдүн начар өнүккөнүн, суу көлмөлөрүндөгү суудагы биологиялык ресурстарды өздөштүрүүнүн толук эмесин, аквакультуранын иштөө өзгөчөлүктөрүн эсепке ала турган мыйзамдык базанын жоктугун эсептөөгө болот.

Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, балык чарбасын калыптандыруу жана өнүктүрүү аквакультура өндүрүшүн заманбап жана экономикалык жактан пайдалуу багытта өнүктүрүүгө, аларды туруктуу финансылык камсыз кылууга жана алдыңкы технологияларды колдонууга ажырагыс байланышкан.


Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши **«Аквакультура, балык уулоо жана суудагы биологиялык ресурстарды коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын кабыл алды**[1], бул Мыйзам балык запастарын сактоого жана көбөйтүүгө, суу көлмөлөрүнүн балык өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга жана калктын балык азыктарына керектөөлөрүн канааттандырууга багытталган.

Мыйзам балык өстүрүүнүн уюштурулган өндүрүштөрүндө жергиликтүү калктын жумуш менен камсыз болуусу, табигый балык ресурстарын коргоо, балыктардын түрдүк курамдарын асылдандыруу жана суу көлмөлөрүн асыл тукум балык өстүрүүчүлүк материал менен камсыз кылуу үчүн шарттарды түзөт.

**Төмөнкүлөр үчүн шарттар түзүлөт:**

**Аквакультура өндүрүмүн өндүрүштүк дараметі жылына 122,25 миң тонна**

| | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|
| Өндүрүштүн көлөмү (тонна) | 2577 | 3028,4 | 5139,7 |
| Экспорттун көлөмү (тонна) | 517,4 | 2375,9 | 3158 |




[1] *Жогорку Кеңеш 2021-жылдын 3-февралында кабыл алган, Президент 2021-жылдын 17-мартында кол койгон*

## ПАРЛАМЕНТТИК КОНТРОЛЬ ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Адам организминин жашоосун камсыз кылуунун негизги компонеттеринин бири аба болуп саналат. Абанын сапаты саламаттык үчүн аныктоочу мааниге ээ. Абанын тазалыгын сактоо жана анын булганышына жол бербөө боюнча чараларды көрүү көп өлкөлөрдө мамлекеттик саясаттын шексиз артыкчылыгы болуп саналат.

Абанын булганышы актуалдуу маселе болуп эсептелет, бул айрыкча дүйнөдөгү мегаполистерге жана калк көп жашаган шаарларга мүнөздүү көрүнүш. Кыргызстандын бир миллиондон ашык адам жашаган борбор шаары да алардын катарына кирет. Бишкек шаарында абанын сапатынын маселеси жылытуу мезгилинде айрыкча курч болуп жатат.

Атмосфералык абанын булгануу деңгээли ар жыл сайын өсүп жатат жана www.airvisual.com сервисинин маалыматтарына ылайык 2019-жылы Бишкек шаары дүйнөдөгү абдан булганган шаарлардын катарына кирди.

Абанын булганышынын жогору даражада болуп жатканынан улам түзүлгөн кырдаалды эске алуу менен, **Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана региондук өнүктүрүү боюнча комитет Жогорку Кеңештин 2019-жылдын 26-декабрындагы «Бишкек шаарында абанын булганышын азайтуу боюнча чаралар жөнүндө» №3477-VI токтомунун** аткарылышы тууралуу маселени караган.


Комитет бул маселенин коомдук маанилүүлүгүн эске алуу менен Жогорку Кеңештин кароосуна киргизди, кароонун жыйынтыктары боюнча Бишкек шаарында абанын булганышынын деңгээлин азайтуу боюнча Өкмөттүн жумушун жетиштүү эмес деп таануу жөнүндө чечим кабыл алынды.

Мындан тышкары, Өкмөткө жана Бишкек шаарынын мэриясына төмөнкүдөй тапшырмалар берилди:

- Бишкек шаарында жана Чүй областында сапаттуу көмүрдү жана күйүүчү-майлоочу майларды сатып өткөрүүгө контролду күчөтүү;
- көп кабаттуу имараттарды долбоорлоодо жана курууда экологиялык жана санитардык ченемдерди шамалдын багыттарын (шамалдар розасын) эсепке алуу менен сактоо;
- Бишкек шаарына башка калктуу конуштардан маршруттук таксилердин жана салмагы 5 тоннадан ашкан жүк ташуучу автотранспорттун кирүүсүнө чектөө киргизүү маселесин кароо;
- турмуш-тиричиликтик катуу калдыктарды Бишкек шаарынын таштандылар полигонунда өрттөө жолу менен жок кылууга тыюу салуу жана 2021-жылы таштандыларды кайра иштетүүчү завод куруу жол-жобосун баштоо;
- 2021-жылдан тартып мамлекеттик мекемелер жана жекече жактар тарабынан газ жана электр автотранспортун сатып алуу маселесин чечүү, ошондой эле аларды Кыргыз Республикасында өндүрүүнү уюштуруу жөнүндө маселени кароо;
- Бишкек шаарын жана Чүй областын жашылдандыруу боюнча жумушту туруктуу негизде жүргүзүү;
- Бишкек шаарында жана анын айланасындагы турак жай массивдеринде ирригациялык тутумду (каналдарды, арыктарды) калыбына келтирүү;
- атмосфералык абанын булганышынан улам болуп жаткан айрым оорулардын алдын алуу жана алар менен күрөшүү боюнча план иштеп чыгуу;
- газ-мотордук отунга жана жаратылыш газына бааларды төмөндөтүү маселесин чечүү;
- автотранспорттун катализаторлорун чыгарып алууга, сатып өткөрүүгө, кайра сатууга тыюу салууну киргизүү жагында мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү;
- кыймылдаткычынын көлөмү чоң болгон (3,5 – 4,7 – 5,7) унаалар үчүн салыкты жогорулатуу боюнча мыйзам долбоорун иштеп чыгуу;
- каучукту, резинаны жана синтетикалык калдыктарды өрттөөгө тыюу салуунун сакталышына контролду күчөтүү;
- Кыргыз Республикасына алып келинүүчү электрдик жана гибриддик кыймылдаткычтуу автотранспорт каражаттары үчүн бажылык жана салыктык преференцияларды узартуу жөнүндө маселени кароо;
- Балыкчы шаарында жана Кара-Кече көмүр кенинде көмүрдүн сапатын иликтөө боюнча лабораторияны ачуу мүмкүндүгүн кароо;

- Бишкек шаарындагы ЖЭБ белгиленген техникалык параметрлерге туура келбеген көмүрдү түшүрүүгө жол бербөө;
- Бишкек шаарынын мэриясы тарабынан шаардыктардын тийиштүү категорияларына бөлүнүүчү көмүрдүн ордуна акча каражаттарын берүү мүмкүндүгүн кароо;
- электр энергиясынан башка жылытуу тутумдары болбогон социалдык объекттерде жана көп кабатуу үйлөрдө электр энергиясын керектөө үчүн белгиленген айына 700 кВт/с лимитти жокко чыгаруу жана бул объекттерге тарифти 1 кВт/с үчүн 77 тыйын деп бекитүү;
- Бишкек шаарындагы ЖЭБ жылытуучу казандарын газга өткөрүү.

Башкы прокуратурага жана Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине Жогорку Кеңештин 2019-жылдын 26-декабрындагы «Бишкек шаарында абанын булганышын азайтуу боюнча чаралар жөнүндө» № 3477-VI токтомун өз убагында аткарбаганы үчүн кызмат адамдарын жоопкерчиликке тартуу жөнүндө маселени кароо сунушталган.



## ПАРЛАМЕНТТИК КОНТРОЛЬ ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Үй-бүлөлүк зомбулук – заманбап дүйнөдөгү эң курч социалдык маселелердин бири. Негизинен анын курмандыктары аялдар жана балдар болушат. Бул көйгөй Кыргызстан үчүн дагы мүнөздүү. Алсак, эгерде 2019-жылы үй-бүлөлүк зомбулуктун 8 160 фактысы катталса, 2020-жылы бул көрсөткүч 9,6% өсүү жана 9 025 учурду түзгөн.

2017-жылы үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана аны менен күрөшүү максатында Жогорку Кеңеш **«Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын кабыл алган.** Мыйзам ушул социалдык көрүнүштүн алдын алуу үчүн мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүүсүнүн натыйжалуу тутумун түзүүгө багытталган.

2020-жылы Жогорку Кеңештин контролдук функцияларын жүзөгө ашыруунун алкагында **Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитет Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитет** менен бирдикте аталган Мыйзамды ишке ашырууга баа берүүнү жүргүзгөн, анын натыйжалары 2020-жылдын 24-декабрында Жогорку Кеңеште угулган. Кароонун жыйынтыктары боюнча Мыйзамды аткаруу жагында Өкмөттүн жумушу жетиштүү эмес деп таанылган жана Өкмөткө төмөнкүдөй тапшырмалар берилген:

- туруктуу мониторинг жүргүзүү тутумун координациялоо, жүзөгө ашыруу жана тийиштүү мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдарынын өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуу боюнча жумуштардын планын даярдоо;
- үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган адамдардын кайрылуулары үчүн бирдиктүү Call-борбор түзүү;
- Кыргызстанда аялдарга каршы зомбулуктун алдын алуу боюнча чаралардын натыйжалуулугун күчөтүү үчүн ар түрдүү уюмдарга тутумдуу түрдө таасир кылуу механизмин түзүү;
- зомбулуктун курмандыктарына укуктук, психологиялык жана медициналык жардам көрсөтүүчү мамлекеттик жана өкмөттүк эмес уюмдардын кызматкерлеринин дараметин жогорулатуу;
- үй-бүлөлүк зомбулук фактыларына жол бербөө боюнча жумушту күчөтүү;
- үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө жарандардын кайрылууларына өз убагында чара көрүү зарылдыгы жөнүндө милиция кызматкерлеринин арасында түшүндүрүү жумуштарын жүргүзүү;
- үй-бүлөлүк зомбулукка учураган адамдарды толук кандуу коргоону камсыз кылуу;
- сергек жана туура жашоо ыңгайын калыптандырууга багытталган социалдык чакырыктарды даярдоо жана жайгаштыруу;
- зомбулук маселелери боюнча маалыматтарды жыйноо жана талдоо тутумун жакшыртуу.

Ошондой эле Башкы прокуратурага үй-бүлөлүк зомбулуктун баардык учурларына текшерүү жүргүзүү, кызмат адамдарынын, анын ичинде соттордун аракеттерине юридикалык баа берүү жана үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча тергөө жүргүзүүгө көзөмөлдү күчөтүү сунушталган.

Жергиликтүү соттор тарабынан каралган үй-бүлөлүк зомбулук менен байланышкан иштердин саны

| | 2019 | 2020 |
|---|---|---|
| Жазык иштеринин саны (1-инстанциядагы соттор тарабынан) | 116 | 133 |
| Жоруктар жөнүндө иштердин саны | 653 | 1198 |

2020-жылга берилген убактылуу коргоо ордерлеринин саны

**8577**

**7954** **623**


# ПАРЛАМЕНТТИК КОНТРОЛЬ ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ






Үй-бүлөлүк зомбулук учурларынын саны

Коргоо ордерлеринин саны



## ПАРЛАМЕНТТИК КОНТРОЛЬ ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Азыркы убакта Кыргызстандын гидроэлектростанцияларында жылына 14-15 млрд.кВт/с жакын электр энергиясы иштелип чыгат, бул болсо алардын дараметтеринин 10% түзөт. Мында 95 ГЭС жана 100дөн ашык чакан ГЭС куруу менен, гидроэлектростанцияларда электр энергиясын иштеп чыгуу кубаттуулугун 6500 мВт чейин көбөйтүүгө мүмкүндүгү бар.

Ушуну менен бирге, акыркы жылдарда электр энергиясын керектөө жаңы кубаттуулуктардын өсүшүнөн жылына 4% - 5% озуп кетип жатат, бул электр энеригиясын керектөөнүн өсүшүн жабуу үчүн электр энергиясын импорттоого мажбур кылууда.
Ушуга байланыштуу, жаңы энергия кубаттуулуктарын киргизүү маселеси актуалдуу бойдон калууда. Бирок, финансылык каражаттардын жетишсиздиги энергетика тармагына зарыл көлөмдөгү капитал салымдарын салууну жүзөгө ашырууга мүмкүндүк бербей жатат.

Жогоруда айтылгандарды көңүлгө алуу менен, Жогорку Кеңеш 2017-жылдын 10-июлунда «Камбарата ГЭС-2 экинчи гидроагрегатын иштетүүгө киргизүү» долбоорун каржылоо үчүн Бишкек шаарында 2017-жылдын 28-февралында кол коюлган, Кыргыз Республикасынын жана Евразия өнүктүрүү банкынын ортосунда Евразия турукташтыруу жана өнүктүрүү фондунун каражаттарынан инвестициялык кредит берүү жөнүндө Макулдашууну ратификациялады.

Макулдашууга ылайык Евразия өнүктүрүү банкы Камбарата ГЭС-2 экинчи гидроагрегатын иштетүүгө киргизүү үчүн 110,0 млн. АКШ доллары өлчөмүндө каражат берген. Камбарата ГЭС-2 экинчи гидроагрегатын ишке киргизүүнүн жыйынтыгында суммардык энергия кубаттуулугу 240 мВт болгон энергия кубаттуулугун алуу пландаштарылууда.

Маселенин маанилүүлүгүн эске алуу менен, **Отун-энергетика комплекси жана жер казынасын пайдалануу боюнча комитет Камбарата ГЭС-2 долбоору боюнча Макулдашууну ратификациялоо жөнүндө Мыйзамдын** аткарылышына контроль жүргүздү.

Жоопту мамлекеттик органдардын маалыматтарын угууну эсепке алуу менен, Комитет долбоорду ишке ашыруу процесси созулуп кеткенин, мунун натыйжасында инвестициялык кредиттин пайдаланылбай калган суммасына «Электр станциялар» ААК 1,5 млн. АКШ доллары өлчөмүндө комиссия чегерилгенин белгиледи. Ошентип, долбоордун мөөнөттөрү аткаруучулар тарабынан сакталбаганынан улам Макулдашуунун катышуучулары негизсиз чыгашаларга учурады.

Бул маселени кароонун жыйынтыгында Комитет Министрлер Кабинетине төмөнкүлөрдү сунуштамалоо жөнүндө чечим кабыл алды:
- Макулдашууну ишке ашыруунун жүрүшүнө терс таасир тийгизүүчү тобокелдиктерди четтетүү боюнча чараларды көрүү;
- долбоорлордун ишке ашырылышына жана кредиттик каражаттардын кайтарылышына контролду күчөтүү;
- кредиттерди максаттуу жана натыйжалуу пайдаланууга көз салуу жагында мониторингди жүзөгө ашыруу;
- Макулдашууну ишке ашыруу процессин созуктурууга жол берген жоопту жактарды тастыктоо.

Ошондой эле Энергетика жана өнөр жай министрлигине, «Улуттук энергетика холдинг компаниясы» ААК төмөнкүлөр тапшырылды:
- Долбоорду ишке ашыруу тобуна контролду күчөтүү;
- Камбарата ГЭС-2 коопсуз иштетүүнү камсыз кылуу боюнча иш-чаралардын планын аткаруу боюнча чараларды көрүү.

## Камбарата ГЭС-2 экинчи гидроагрегатын ишке киргизүү




**2017-ж.**

**Макулдашууну ишке ашыруу мөөнөтү 2017-2024-жылдар**

Процессти создуктуруу

**14- июнь 2017-ж.**
«Камбарата ГЭС-2 экинчи гидроагрегатын ишке киргизүү» долбоорун каржылоо үчүн инвестициялык кредит берүү жөнүндө Макулдашууну ратификациялоо

**22- ноябрь 2017-ж.**
зайымдык каражаттарды кайтаруу боюнча Карыздык милдеттенмелерди түзүү жөнүндө КР Өкмөтүнүн тескемеси

**10- октябрь 2018-ж.**
Карыздык милдеттенмеге кол коюу

**11- апрель 2019-ж.**
Камбарата ГЭС-2 коопсуз пайдаланууну камсыз кылуу боюнча иш-чаралар планын бекитүү (КР Өкмөтүнүн №87-р тескемеси)

**17- апрель 2019-ж.**
КР жана ЕАӨБ ортосундагы Макулдашуунун күчүнө кириши

**17- декабрь 2020-ж.**
«Электр станциялары» ААК жана Fichtner GmbH & CO.KG (Германия) ортосунда инженердик-консультациялык кызмат көрсөтүүгө консультант менен контрактка кол коюу

**2- февраль 2021-ж.**
консультанттын ишинин башталышы

**2024-ж.**

## ПАРЛАМЕНТТИК КОНТРОЛЬ ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Өлкөнүн аймактарынын өнүгүшү жергиликтүү калктын бакубаттуулугун жана жашоо сапатын жогорулатууга багытталган социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын ийгиликтүү ишке ашырууга жараша болот.

Аймактык өнүктүрүү программаларын каржылоонун маанилүү булактары жер казынасын пайдалануучулардын чегерүүлөрүнөн турган атайын фонддор жана социалдык пакеттер болуп саналат. Азыркы убакта Кыргызстанда 39 областтык жана райондук фонддор, ошондой эле Ысык-Көл областын өнүктүрүү фонду иштеп жатат.

Ушул фонддордун маанилүүлүгүн көңүлгө алуу менен, **Отун-энергетика комплекси жана жер казынасын пайдалануу боюнча комитет «Жер казынасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 30-беренесинин аткарылышы жөнүндө маселени караган.**

Тийиштүү мамлекеттик органдардын маалыматтарын угуунун жыйынтыгында белгиленгендей, 2015-2020-жылдарда жер казынасын пайдалануучулардан жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүүгө жана даярдоого чегерүүлөр 2910721,9 миң сомду түздү*.

Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодексине ылайык, бул каражаттар пайдалуу кендерди сатып өткөрүүдөн түшкөн каражаттын 2 пайызы өлчөмү түрүндө келип түшөт. Ушул эле мезгилде тоо-кен компанияларынан «Жер казынасы жөнүндө» Мыйзамдын 30-беренесине ылайык, социалдык пакетти ишке ашырууга 27 090 000 АКШ доллары жана 931 318 340 сом келип түшкөн.

Комитет белгилегендей, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын вебсайтында айрым райондордун социалдык пакеттери боюнча маалымат толук жайгаштырылбайт, ошондой эле социалдык пакеттин каражаттарын жергиликтүү органдарга которууда бюджеттик кодекстин талаптарын сактоо толук көлөмдө эмес.

Маселени кароонун натыйжалары боюнча Комитет жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бул багыттагы жумушун жетиштүү эмес деп тааныды жана Министрлер Кабинетине төмөнкү тапшырмаларды берди:

- социалдык пакеттердин каражаттарын казыналыктын райондук бөлүмдөрү аркылуу өткөрүүнү камсыз кылуу;
- аймактардын социалдык пакеттеринин жана өнүктүрүү фонддорунун каражаттары жөнүндө маалыматтарды камтуучу бирдиктүү сайтты түзүү мүмкүндүгүн кароо;
- аймактардын социалдык пакеттеринин жана өнүктүрүү фонддорунун каражаттарын пайдалануунун айкындыгын камсыз кылуу жана ага контролду күчөтүү;
- областтык жана райондук өнүктүрүү фонддору үчүн бөлүнгөн каражаттарды өз убагында пайдаланбагандык үчүн жооптуу жактарды жоопкерчиликке тартуу жагында ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө маселени кароо;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана тоо-кен ишканаларынын жетекчилери менен биргеликте компаниялардын ишмердигине тиешеси бар талаштуу кырдаалдарга жол бербөө боюнча жумушту жүргүзүү;
- аймактардын социалдык пакеттеринин жана өнүктүрүү фонддорунун каражаттарын натыйжалуу пайдалануу механизмин иштеп чыгуу үчүн Жогорку Кеңештин депуттарынын катышуусу менен ведомстволор аралык комиссияны түзүү.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасына аймактардын социалдык пакеттеринин жана өнүктүрүү фонддорунун каражаттарын пайдалануунун натыйжалуулугуна аудит жүргүзүү сунуштамаланды.

*КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 27-июлундагы № 416 токтому менен регламенттелген Ысык-Көл областынын өнүктүрүү фондунун көрсөткүчтөрүн эсепке албаганда

## ПАРЛАМЕНТТИК КОНТРОЛЬ ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

**2015-2020-жылдар үчүн акчалай түшүүлөр**

**Жер казынасын пайдалануучулар**



түшкөн каражаттан 2%

келишим боюнча



**2 910 721,9** миң сом


Облустун же райондун өнүктүрүү фонду



**27 090,0** миң АКШ доллары жана **931 318, 3** миң сом

Социалдык пакет

**Аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүүгө бөлүнөт**



## ПАРЛАМЕНТТИК КОНТРОЛЬ ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

2019-жылы Жогорку Кеңеш Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине жана «Кыргыз Республикасындагы жол кыймылы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына түзөтүүлөрдү кабыл алган, аларда «Коопсуз шаар» долбоорун ишке киргизүү максатында Жол кыймылынын эрежелерин (ЖКЭ) бузууларды фото жана көрмө тастыктоону жүзөгө ашыруу үчүн негиздер каралган. Бул түзөтүүлөрдү кабыл алуу үчүн өбөлгө катары жолдордо коопсуздукту камсыз кылуу тутумунун жетишсиз иштөөсү кызмат кылды.

Жол кыймылына катышуучулардын коопсуздугун камсыз кылууда **«Коопсуз шаар» долбоорунун** маанилүүлүгүн эске алуу менен, **Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет,** кабыл алынган мыйзамдардын аткарылышын контролдоо максатында 2020-жылдын декабрында жана 2021-жылдын мартында бул долбоорду ишке ашыруу боюнча маалыматтарды уккан.

Өкмөт бул долбоордун биринчи этабын киргизүүнү 2019-жылдын 4-мартында баштаган, анын алкагында Бишкек шаарында жана Чүй областында ЖКЭ бузууларды тастыктоо үчүн 90 стационардык жана 20 көчмө аппараттык-программалык комплекстер (АПК) орнотулган.


ИИМ ЖКККББ мониторинг борборунун маалыматтары боюнча 2019-жылдын мартынан 2020-жылдын 30-ноябрына чейин 2 029 972 бузуу тастыкталган, алар боюнча тийиштүү токтомдор чыгарылган. Көрсөтүлгөн мезгилде АПК орнотулган жерлерде жол-транспорт кырсыктарынын көрсөткүчтөрү төмөндөгөн: Бишкек ш. – 18,4%га, Чүй областы – 66,7%га.

«Коопсуз шаар» долбоорунун экинчи этабы 7 областты, республикалык маанидеги 2 шаарды, областтык жана райондук маанидеги 15 шаарды, 73 калктуу конушту камтыйт, аларда 266 стационардык жана 40 көчмө АПК орнотулат. Ошондой эле, 2 598 жол белгиси орнотулат жана 224 жерде жол чийиндери түшүрүлөт.

Бул маселени кароонун жыйынтыгында Комитет тийиштүү мамлекеттик органдарга төмөнкүлөрдү тапшырды:
- «Коопсуз шаар» долбоорун белгиленген мөөнөттө ишке ашыруу;
- долбоорду ишке ашырууга талдоону жана аудитти жүргүзүү;
- айып пулдардын суммаларынын түзүлүшүн жана пайдаланылышын текшерүү;
- Бузуулар жөнүндө кодекске ЖКЭ бузгандык үчүн айып пулдарды азайтуу жана туумдарды чегерүүнү токтотуп туруу жагында түзөтүүлөрдү киргизүү;
- көчмө АПК пайдаланыла турган жерлерде 200 - 300 метр аралыкта «Көрмөконтроль» жол белгисин орнотуу маселесин кароо же болбосо аларды колдонуудан баш тартуу мүмкүндүгү маселесин иштеп чыгуу;
- жолдордун жол берилген максималдык ылдамдыгы 110 км/с болгон сынактык участокторун белгилөө.

### "Коопсуз шаар" долбоорунун биринчи этабы


04.03.2019-жылдан 30.11.2020-жылга чейин




## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ПАРЛАМЕНТТЕР АРАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫГЫНЫН КАРТАСЫ




## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ЖУМУШЧУ САПАРЛАРЫ



## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫНЫН ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК МЕЙМАНДАР МЕНЕН ЖОЛУГУШУУЛАРЫ



- ПАРЛАМЕНТТЕР АРАЛЫК УЮМДАРДЫН БАШЧЫЛАРЫ ЖАНА ӨКҮЛДӨРҮ — 7
- ЭЛ АРАЛЫК УЮМДАРДЫН ӨКҮЛДӨРҮ — 1
- ПАРЛАМЕНТТЕРДИН СПИКЕРЛЕРИ ЖАНА ВИЦЕ-СПИКЕРЛЕРИ — 1
- ЧЕТ МАМЛЕКЕТТЕРДИН ЭЛЧИЛЕРИ — 9
- БАШКА ДЕЛЕГАЦИЯЛАР — 1

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ПАРЛАМЕНТТЕР АРАЛЫК УЮМДАР МЕНЕН КЫЗМАТТАШТЫГЫ

7

**1. КМШ Парламенттер аралык ассамблеясы**

5

**2. Парламенттик Ассамблея** Жамааттык коопсуздук жөнүндө келишим уюму (ОДКБ)

TURKPA 3

**3. Түрк тилдүү өлкөлөрдүн Парламенттик Ассамблеясы** (TURKPA)

OSCE PA 2

**4.** ЕККУ **Парламенттик Ассамблеясы**

COUNCIL OF EUROPE / CONSEIL DE L'EUROPE 0

**5. Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясы** (ПАСЕ)

1889 Inter-Parliamentary Union. For democracy. For everyone. 0

**6. Парламенттер аралык биримдик** (МПС)

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫНЫН ЖАНА АНЫН ОРУН БАСАРЛАРЫНЫН ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК САПАРЛАРЫ ЖАНА ЖОЛУГУШУУЛАРЫ

### Россия Федерациясы

**Кыргыз Республикасынын Президентинин м.а., Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасынын Россия Федерациясына жумушчу сапары.**

**Жолугушуулар:**
• Россия Федерациясынын Федералдык Жыйынынын Мамлекеттик Думасынын Төрагасы В. Володин;
• Евразия Экономикалык Комиссиясынын Төрагасы М. Мясникович;
• Россия Федерациясынын Президентинин Администрациясынын Жетекчисинин орун басары Д. Козак;
• КМШ Аткаруу комитетинин төрагасы С. Лебедев.

*2020-ж. 6-8-декабры, Москва ш.*

### Россия Федерациясы

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасынын КМШ ПАА Кеңешинин жыйналышына жана КМШ ПАА 52-жыйналышына катышуу үчүн Россия Федерациясына жумушчу сапары.**

**Жолугушуулар:**
• Азербайжан Республикасынын Милли Межлисинин Төрагасы С. Гафарова;
• Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлисинин Сенатынын Төрагасы Т. Нарбаева;
• Казакстан Республикасынын Парламентинин Сенатынын Төрагасы М. Ашимбаев;
• Армения Республикасынын Улуттук Жыйынынын Төрагасы А. Мирзоян;
• Россия Федерациясынын Федералдык Жыйынынын Федералдык Кеңешинин Төрагасы В.Матвиенко.

*2021-ж. 15-17-апрель, Санкт-Петербург ш.*

### Көрмө-конференц-байланыш

Кыргыз Республикасынын Президентинин м.а., Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы Азербайжан Республикасынын, Армения Республикасынын, Беларусь Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Молдова Республикасынын, Россия Федерациясынын, Тажикстан Республикасынын жана Өзбекстан Республикасынын парламенттик делегацияларынын башчылары, ошондой эле **КМШ органдарынын жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү менен биргеликте КМШ ПАА Кеңешинин жыйналышына катышты.**

*2020-ж. 27-ноябрь*

### Көрмө-конференц-байланыш

**Кыргыз Республикасынын Президентинин м.а., Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы Жамааттык Коопсуздук Келишими Уюмунун Парламенттик Ассамблеясынын (ЖККУ ПА) Кеңешинин жыйналышына** Армения Республикасынын, Беларус Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Россия Федерациясынын жана Тажикстан Республикасынын парламенттик делегацияларынын жетекчилери, ЖККУ ПА байкоочулары, Сербия Республикасынын Элдик чогулушунун, Афганистан Ислам Республикасынын Улуттук Ассамблеясынын Волеси Жиргасынын төрагалары менен биргеликте катышты.

*2020-ж. 30-ноябрь*

### Көрмө-конференц-байланыш

**2021-жылдын 24-мартында Ташкент шаарында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасынын орун басары А. Касымалиева** Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлисинин Сенатынын Төрагасы Т. Нарбаева, Сенаттын мүчөлөрү, Олий Мажлистин Мыйзам чыгаруу палатасынын депутаттары, Өзбекстан Республикасынын ТИМ, дипломатиялык корпустун, эл аралык уюмдардын, илим жана билим берүү чөйрөсүнүн өкүлдөрү менен биргеликте **Шанхай кызматташтык уюмунун (ШКУ) аял лидерлер Эл аралык форумуна катышты.**

*2021-ж. 24-март*

### Көрмө-конференц-байланыш

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасынын орун басары А. Касымалиева Парламенттердин жетекчилеринин «Эл аралык тынчтыкты жана ишенимди чыңдоодо парламентарийлердин ролу» деген отурумуна катышты.**

*2021-ж. 28-март*

ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН
СЕССИЯ МЕЗГИЛИНДЕГИ ИШИ ЖӨНҮНДӨ
**ОТЧЕТ** (2020-ЖЫЛДЫН СЕНТЯБРЫ - 2021-ЖЫЛДЫН ИЮНУ)


# ПАРЛАМЕНТТИК УГУУЛАР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

**Парламенттик угуулар**




**Парламенттик угуулардын катышуучуларынын жалпы саны**

- депутаттар
- мамлекеттик органдардын өкүлдөрү
- жарандык коомдун өкүлдөрү, эксперттер





| Өткөрүлгөн парламенттик угуулардын саны | КОМИТЕТТЕР | Комитеттер боюнча парламенттик угуулардын катышуучуларынын саны | | |
|---|---|---|---|---|
| 0 | Конституциялык мыйзамдар мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитет | 0 | | |
| 0 | Эл аралык иштер, коргоо жана коопсуздук боюнча комитет | 0 | | |
| 0 | Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитет | 0 | | |
| 1 | Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитет | 11 | 10 | 70 |
| 0 | Отун-энергетикалык комплекси жана жер казынасын пайдалануу боюнча комитет | 0 | | |
| 0 | Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет | 0 | | |
| 0 | Экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет | 0 | | |
| 3 | Бюджет жана финансы боюнча комитет | 70 | 75 | 135 |
| 0 | Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитет | 0 | | |

## ПАРЛАМЕНТТИК КОНТРОЛЬ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

### Өкмөттүк күн

2021-жылдын жазгы-талаа иштерине карата даярдыктын жүрүшү жөнүндө




Жогорку Кеңештин 2021-жылдын 10-мартындагы № 4454-VI токтому кабыл алынган

**Протоколдук тапшырмалардын аткарылышы**

| Аткарылган | КОМИТЕТТЕР | Аткарууда |
|---|---|---|
| 5 | Конституциялык мыйзамдар мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитет | 0 |
| 4 | Эл аралык иштер, коргоо жана коопсуздук боюнча комитет | 2 |
| 2 | Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитет | 2 |
| 4 | Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитет | 6 |
| 6 | Отун-энергетикалык комплекси жана жер казынасын пайдалануу боюнча комитет | 4 |
| 3 | Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет | 1 |
| 2 | Экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет | 5 |
| 5 | Бюджет жана финансы боюнча комитет | 0 |
| 5 | Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитет | 1 |

## ПАРЛАМЕНТТИК КОНТРОЛЬ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

### Мыйзамдарды жана токтомдорду аткарууну контролдоо




### Комитеттер боюнча мыйзамдардын жана токтомдордун аткарылышын контролдоо

| МЫЙЗАМДАР | КОМИТЕТТЕР | ТОКТОМДОР |
|---|---|---|
| 3 | Конституциялык мыйзамдар мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитет | 1 |
| 1 | Эл аралык иштер, коргоо жана коопсуздук боюнча комитет | 3 |
| 4 | Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитет | 5 |
| 4 | Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитет | 5 |
| 4 | Отун-энергетикалык комплекси жана жер казынасын пайдалануу боюнча комитет | 5 |
| 0 | Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет | 2 |
| 0 | Экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет | 7 |
| 6 | Бюджет жана финансы боюнча комитет | 10 |
| 1 | Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитет | 7 |

## ПАРЛАМЕНТТИК КОНТРОЛЬ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

### ПРОКУРАТУРА ОРГАНДАРЫНЫН 2020-ЖЫЛ ҮЧҮН ИШИ ЖӨНҮНДӨ

| | мыйзамдардын так жана бирдей аткарылышын көзөмөлдөө | мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө | жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо боюнча көзөмөлдөө | балдар жөнүндө мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө |
|---|---|---|---|---|
| Текшерүүлөр | 6 700 | 3 071 | 1 203 | 779 |
| Бузуулар табылды | 16 552 | 6 997 | 3 172 | 2 280 |
| Чара көрүү актылары чыгарылды | 6 920 | 3 432 | 1 318 | 810 |
| Тартип жоопкерчилигине тартылды | 4 797 | 1 360 | 857 | 859 |
| Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестринде катталган арыздар | 1 339 | 661 | 57 | 26 |
| Бюджетке калыбына келтирилген зыяндын суммасы (млн. сом) | 715,4 | 582,1 | 21,6 | |
| Сотко жөнөтүлгөн доо арыздар | | | | 62 |
| Сот канааттандырган доо арыздар | | | | 44 |

### ЭСЕП ПАЛАТАСЫНЫН 2019-ЖЫЛ ҮЧҮН ИШИ ЖӨНҮНДӨ

| | Табылды | Калыбына келтирилүүгө жатат | Калыбына келтирилди |
|---|---|---|---|
| Финансылык бузуулар (млн. сом) | 1 525,7 | 946,9 | 538,1 |
| Бюджеттин резервдери жана жоготуулары (млн. сом) | 4 961,0 | 1 689,4 | 247,8 |
| Сарамжалсыз пайдаланылган каражаттар (млн. сом) | 1 647,4 | 169,8 | 44,3 |
| Коомдук жана башка уюмдарда табылган финансылык бузуулар (млн. сом) | 324,3 | 257,4 | 170,0 |

## КООМДУК-КОНСУЛЬТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШТЕР, ЖУМУШЧУ ТОПТОР

Парламент менен бизнес коомдоштуктун ортосундагы туруктуу байланышты камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасынын алдында Бизнести жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча кеңеш иштейт. Бизнести өнүктүрүү боюнча кеңештин милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- өлкөнүн экономикасын өнүктүрүү жана инвестицияларды тартуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;
- ишкердик ишти жөнгө салуучу мыйзамдарга сунуштарды киргизүү;
- мыйзамдардын мониторингин жүргүзүү жана мыйзам чыгаруу демилгелерин иликтөө;
- бизнести жүргүзүүдө ыктымалдуу тобокелдиктерди жана көйгөйлөрдү аныктоо;
- бизнес чөйрөнү жакшыртуу, өлкөнүн инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу жана бизнести алга илгерилетүү үчүн сунуштарды иштеп чыгуу.

**Бизнести өнүктүрүү боюнча кеңеш сессиялык мезгилдин ичинде:**
- 4 жыйналыш өткөрдү;
- 10 чечим кабыл алды;
- 1 жумушчу топ түзүлдү;
- 1 мыйзам долбоорун иштеп чыкты.

ЦЕЛИ УСТОЙЧИВОГО РАЗВИТИЯ ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮНҮН МАКСАТТАРЫ

Кыргыз Республикасы 2030-жылга чейинки мезгилде туруктуу өнүктүрүү жагынан БУУ 17 максатын (ТӨМ) жүзөгө ашырууну жактайт, ал экономикалык өнүгүүгө, курчап турган чөйрөнү коргоого жана социалдык бакубаттуулукка багытталган. Кыргыз Республикасында ТӨМ алга илгерилетүү максатында Жогорку Кеңештин Эл аралык иштер, коргоо жана коопсуздук боюнча комитетинин алдында ТӨМ ишке ашыруу боюнча мыйзамдардын аткарылышын контролдоону жүзөгө ашыруу боюнча жумушчу топ түзүлгөн.

**Кыргыз Республикасында ТӨМ алга илгерилетүү боюнча жумушчу топ:**
- мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча долбоорлорду иштеп чыгат;
- парламенттик угууларды демилгелейт;
- ТӨМ маселелерин контролдоо процессин оптималдаштыруу жагынан сунуштарды иштеп чыгат;
- ТӨМ жетишүүнүн мониторингин жүргүзөт.

**Жумушчу топтун ишинин жыйынтыктары боюнча:**
- “Кыргыз Республикасынын инвестицияларды колдоо маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2020-жылдын 26-декабрындагы № 12 Мыйзамы кабыл алынган, ал № 8 жана № 16 ТӨМ жетишүүгө багытталган;
- ТӨМ жетишүүнүн мониторинги боюнча Методика даярдалды;
- 5 жыйналыш жана 3 онлайн-жолугушуу өткөрүлдү.

## КООМДУК-КОНСУЛЬТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШТЕР, ЖУМУШЧУ ТОПТОР

2020-жылдын 15-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасынын алдында Миграциянын, чет өлкөлөрдөгү мекендештердин жана диаспоралардын маселелери боюнча кеңеш түзүлдү (Миграция боюнча кеңеш).

Миграция боюнча кеңеш коомдук-консультациялык орган болуп саналат, ал парламенттин чет өлкөлөрдө жашап жаткан мекендештер менен өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылат. Миграция боюнча кеңештин милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

**мекендештерди колдоо, укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо маселелери боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу;**

эл аралык уюмдар, мамлекеттик органдар, өкмөттүк эмес уюмдар, мекендештердин бирикмелери жана диаспоралары менен өз ара аракеттенүү;

мекендештердин жашоосунун сапатын жогорулатуу боюнча диаспоралардын жана бирикмелердин күч-аракеттерин координациялоо;

маданий, социалдык, билим берүү, гуманитардык, диний жана башка багыттагы долбоорлорду колдоо;

эмгек миграциясы чөйрөсүндө мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча долбоорлорду иштеп чыгуу;

мекендештердин көйгөйлөрү жөнүндө коомго маалымдоо;

жаштардын демилгелерин жана инвестициялык долбоорлорду колдоо.

**Миграция боюнча кеңеш сессиялык мезгил ичинде:**
- 7 жыйналыш жана иш-чара өткөрдү;
- 1 жумушчу топ түздү;
- 2 мыйзам долбоорун иштеп чыкты.

## ЖМК МЕНЕН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮ

**18** Телекөрсөтүү

**12** Чет өлкөлүк ЖМК

**2** Радио




**221** АККРЕДИТТЕЛГЕН журналист

**8** Басма сөз басылмасы

**18** Маалымат агенттиги

### ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТЕЛЕРАДИО КӨРСӨТҮҮЛӨРҮН ЧЫГАРУУ

**20** «Күн тартибинде»
**18** «Парламент»
**13** «Парламентаризм сабактары»
**44** Реалдуу убакыт режиминде ЖК жыйындары

TV: КТРК, ЭлТР, Пирамида

Фракциялар радио эфирде **245**
Комитеттер радио эфирде **75**
«Күндүн тартибинде» **65**
«Парламент» **22**
Реалдуу убакыт режиминдеги ЖК жыйындары **44**

90,2 - 107,7 FM

| Төраганын ЖМК менен жолугушуулары | Депутаттардын басма сөз конференциялары | ЖКнын басма сөз релизи |
|---|---|---|
| 22 | 3 | 5 000ден ашык |

## ЖМК МЕНЕН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮ


### Парламенттик радиону угузуу жыштыгы




### Фракциялар парламенттин радио эфиринде

| СДПК | Республика – Ата-Журт | Кыргызстан | | Өнүгүү–Прогресс | Бир Бол | Ата Мекен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 25 | 13 | 3 | **Түз эфир** | 2 | 6 | 11 |
| 74 | 41 | 8 | **Жаңылыктар** | 9 | 18 | 35 |
| 99 | 54 | 11 | **БААРЫ** | 11 | 24 | 46 |

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШКЕ ЭКСКУРСИЯЛАР




## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН САЙТЫ




web-сайтты көрүүлөрдүн саны

**1 000 700**

web-сайтка киргендердин саны

**348 000**

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШ СОЦИАЛДЫК ТАРМАКТАРДА


Facebook: 2021 — 25 717; 2020 — 22 544

YouTube: 2021 — 20 000; 2020 — 13 800

Instagram: 2021 — 6 554; 2020 — 6 223

## ПАРЛАМЕНТТИН ИШИНИН КАЛЕНДАРЫ

### Жогорку Кеңештин сессиялары




### Парламенттик жумалык



# ДҮЙНӨ ПАРЛАМЕНТТЕРИ

## ӨЛКӨЛӨРДҮН ПАРЛАМЕНТТЕРИНИН САЛЫШТЫРМА МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ

| Парламенттин аталышы | Улуттук жыйын | Парламент | Фолькетинг | Улуттук Ассамблея | Жогорку Кеңеш | Сейм |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Түзүлгөн жылы | 1995 | 1997 | 1889 | 1971 | 1995 | 1923 |
| Депутаттардын саны | 132 | 150 | 179 | 57 | 120 | 100 |
| Өлкөлөр | Армения | Грузия | Дания | Коста-Рика | Кыргызстан | Латвия |
| Шайлоочулардын саны (млн. адам) | 2,58 | 3,51 | 4,15 | 3,02 | 2,85 | 1,55 |
| Бир депутатка шайлоочулардын саны (миң адам) | 25,6 | 23,4 | 23,2 | 53 | 23,8 | 15,5 |
| Депутаттын иш мөөнөтү | 5 жыл | 4 жыл | 4 жыл | 4 жыл | 5 жыл | 4 жыл |

## ДҮЙНӨ ПАРЛАМЕНТТЕРИ

### 2,2 млн.дон 4 млн.го. АДАМГА ЧЕЙИНКИ ШАЙЛООЧУЛАРДЫН САНЫ МЕНЕН

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Улуттук Ассамблея | Сейм | Парламент | Парламент | Стортинг | Улуттук Ассамблея | Парламент |
| 1932 | 1923 | 1990 | 1959 | 1890 | 1963 | 1963 |
| 128 | 141 | 101 | 120 | 169 | 71 | 124 |
| Ливан | Литва | Молдова | Жаңы Зеландия | Норвегия | Панама | Сиерра-Леоне |
| 3,26 | 2,40 | 3,02 | 3,14 | 3,64 | 2,41 | 2,69 |
| 25,5 | 17 | 29,9 | 26,4 | 21,5 | 34,6 | 21,7 |
| 4 жыл | 4 жыл | 4 жыл | 3 жыл | 4 жыл | 5 жыл | 5 жыл |



***Сабырбеков А.А.*** – Жогорку Кеңештин Аппаратынын ишине жалпы жетекчиликти ишке ашырат

***Шаболотов Т.Т.*** – Жогорку Кеңештин мыйзам чыгаруу функциясын камсыз кылуу боюнча Аппараттын ишине жетекчиликти ишке ашырат

***Карапашов Б.Ш.*** – Жогорку Кеңешти уюштуруучулук, маалыматтык-аналитикалык, техникалык жана документтик жактан камсыз кылуу боюнча Аппараттын ишине жетекчиликти ишке ашырат

**Жогорку Кеңештин 2020-жылдын сентябрынан 2021-жылдын июнуна чейинки сессия мезгилиндеги иши жөнүндө Төраганын отчеттун даярдоо боюнча жумушчу тобу**

| | |
|---|---|
| ***Шаболотов Т.Т.*** | – Жогорку Кеңештин Аппарат жетекчесинин орун басары, жумушчу топтун жетекчиси |
| ***Такенов Б.Т.*** | – Илимий изилдөө борборунун жетекчиси, жумушчу топтун жетекчисинин орун басары |
| ***Бактаева С.Д.*** | – Жалпы бөлүмдүн башчысы |
| ***Медералиев Ж.*** | – Котормо жана редакциялоо бөлүмүнүн башчысы |
| ***Назаралиева А.К.*** | – Кабыл алынган чечимдерди контролдоо бөлүмүнүн башчысы |
| ***Базарбаева А.Р.*** | – Илимий изилдөө борборунун сектор башчысы |
| ***Исаков Э.К.*** | – Маалыматтык технологиялар бөлүмүнүн эксперти |

“Кыргызстанды социалдык-экономикалык жактан калыбына келтирүүгө көмөктөшүү механизми аркылуу натыйжалуу башкаруу” долбоорунун алкагында БУУӨП көмөгү алдында басылып чыгарылды

Бул басылмада берилген ойлор Бириккен улуттар уюмунун, Бириккен улуттар уюмунун Өнүктүрүү программасынын, анын программа/долбоорлорунун же өкмөттөрдүн көз-караштарын чагылдырууга тийиш эмес. Колдонулган белгилөөлөр кандайдыр бир өлкөнүн, территориянын же аймактын же алардын чек-араларынын укуктук статусуна тиешелүү көз-караштарды чагылдырбайт.